# Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри, улуу урматтуу Каныбек Иманалиевдин сүйлөгөн сөзү

Урматтуу Борбордук Азия Университетинин Камкорчулар кеңешинин төрагасы, доктор Шамш Кассим-Лакха,
Урматтуу ханбийке Зара Ага Хан жана БАУнун башка камкорчулары,
Урматтуу губернатор, Урматтуу мэр!
Кымбаттуу мугалимдер! Кымбаттуу студенттер! Кымбаттуу ата-энелер!

Биздин жемиштүү кызматташтыгыбыздын зор натыйжасы менен куттуктап коюуга уруксат этиңиздер! Бүгүн биз бийик тоолуу аймакта жайгашкан коомчулуктардын жашоо сапатын жакшыртууну максат кылган, дүйнөдөгү саналуу университеттердин бири Борбордук Азия Университетинин бүтүрүүчүлөрүнө чоң турмушка жолдомо берүү үчүн чогулуп отурабыз.

Ак жол, урматтуу бүтүүрүүчүлөр!

Ушундай маанилүү окуу жайды түзүүдө колдоо көрсөткөндүгү үчүн Улуу даражалуу Ага Ханга ыраазычылык билдирем. Бул мекеменин ишмердүүлүгү азыртан эле конкреттүү натыйжаларды берип жатат, өзгөчө Борбордук Азия Университетинин (БАУ) кампусу жайгашкан Нарын шаарында өнүктүрүү боюнча маанилүү факторго айланды. Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун ишмердүүлүгүнүн аркасында Нарын шаарынын жашоосунда мыкты өзгөрүүлөр болуп жатат. Сейталы Жакыпов атындагы паркта жана дарылоо-дарт белгилерин аныктоо борборунда нарындыктар ден соолуктарын чыңдап, жол жана ирригациялык инфраструктураларды пайдаланып жатышат. Ага Хан фондусу фермерлердин иштерин жакшыртууга салым кошуп, 26 миң фермерди жаңы ыкмалар менен иштөөгө үйрөттү. Ага Хан Өнүктүрүү Уюмунун Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнө багытталган келечектеги жаңы пландарын жана долбоорлорун колдоп кубаттайбыз.

БАУну жана Нарын шаарынын тургундарын марттык менен колдоп келген донорлор жана дүйнөнүн булуң-бурчунан келген конокторубуз менен жолугуп жатканыма абдан кубанычтамын. Биринчи кезекте, калктын аярлуу катмарларындагы үй-бүлөлөрдүн балдарын даректүү гранттарга ээ болушу менен ыраазычылык билдиргим келет. Эми алар дүйнөлүк деңгээлдеги университеттин студенттери болуп калды.

Кымбаттуу меймандар!

Сиздер көрсөткөн жардамдар БАУнун Нарын шаарынын динамикалык университет шаарчасына айланышына чоң колдоо болууда. Бүгүнкү күндө Нарында 195 студент билим алат, алардын 78и Кыргызстандын ар кайсы аймактарынан, 20сы Нарындан. Бул сандар дагы да өсөт деп үмүттөнөбүз.

Борбордук Азия Университети дүйнөлүк деңгээлдеги университеттер менен кызматташып, Кембридж, Саймон Фрейзер жана Сиднейдеги технологиялык университеттердин колдоосу менен өзүнүн сапаттык стандарттарын жакшыртып жатканы абдан кубандырат.

БАУнун бакалавриат деңгээлиндеги жогорку сапаттагы билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Браун университети, Дьюк университети, Лондондогу экономика мектеби, Сингапурдун улуттук университети сыяктуу ж.б. дүйнөлүк алдыңкы программалар менен окуткан магистратураларга тапшыруусуна жол ачып жатат.

БАУнун бүтүрүүчүлөрү экономика, экология жана технология тармактарында татыктуу жумуш орундарына ээ болушуп, Кыргызстандын туруктуу экономикалык өсүшүнө салым кошуп жатышат.

БАУнун англис тили, технология жана ишкердик боюнча курстарын Кыргызстандын 42 миң жараны бүтүрүшкөн, алардын 55%ын кыз-келиндер түзөт. Бул курстар жумушка орношууга, карьералык өсүүгө жана жумуш орундарын түзүүгө салым кошууда. Алар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаштарды иш менен камсыз кылуу, ишкердик жана инновация багытындагы пландарынын аткарылышына өбөлгө болууда.

БАУ Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүгүү Министрлиги менен биргеликте санариптик технология багытында миңден ашык мамлекеттик кызматкерлерди, шаарлардын туруктуу өнүгүүсү боюнча 60 жогорку кызматтагы кызматкерди, курулуш секторундагы жашыл технология боюнча ишкерлерди окутуп, өлкөбүздүн өнүгүү багыттарына ылайык иштерди жасап жатат.

Туруктуу өнүгүү боюнча магистрдик программаларды ишке киргизип жатканыңыздарды жана докторлук программаларды түзүү боюнча келечек пландарды угуп кубануу менен кабыл алдым. Бул программалар аймактагы алдыңкы изилдөө борборуна айланат деп ишенем.

Нарын Мамлекеттик Университетинин академиялык программаларын, окуу ресурстарын, материалдык-техникалык базаларын жакшыртууга жардам берип, колдоо көрсөтүп жаткандыгы үчүн дагы БАУга ыраазычылык билдирип кетким келет.

Жакында эле «Schools-2030» «Бирдей билим-бирдей мүмкүнчүлүк» аттуу Глобалдык форумга катышып, эстафетаны алып келдик, буюрса бул форум 2024-жылы июнь айында Кыргызстанда өтөт.

Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр!

Силерге чын дилимден ийгиликтерди каалайм! Көздөгөн максатыңарга жетишиңерге тилектешмин.

Кымбаттуу ата-энелер!

Балдарыңардын окууну ийгиликтүү бүтүрүп жатышы - бул сиздердин мээнет, сиздердин эмгек! Сиздерди куттуктайм! Сиздерге чоң рахмат!

БАУга жаңы, кайталангыс, кызыктуу долбоорлорду жана программаларды ишке ашырышын каалайм!

Улуу даражалуу Ага Ханга, Ханбийке Зара Ага Ханга, доктор Шамш Кассим-Лакхага жана Камкорчулар кеңешине, БАУнун окутуучулар-профессордук курамына, ошондой эле БАУнун туруктуу өсүп-өнүгүшүнө салым кошуп жаткан биздин кымбаттуу меймандарга терең ыраазычылык билдирем!

Кыргызстандын жана дүйнөнүн тоолуу аймактарын колдоп жаткан филантропторго өзгөчө ыраазычылык билдирем!

Рахмат!